КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ЖАРГЫЛЧАК АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА ЖАРГЫЛЧАК

**Жаргылчак айыл аймагынын жергиликтүү кенешинин**
**I-чакырылышынын 9- сессиясынын**

# № 31 ТОКТОМУ

**2026-жылдын 10-июну** **Даркан айылы**

**Даркан айылынын көчөлөрүн кеңейтип жылдыруу, көчөлөрдө жайгашкан электр мамычаларын жылдыруу иштерине жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө**

Жаргылчак айыл аймагындагы айылдардын түзүлгөн Башкы планга ылайыкташтырып кеңейтип жылдыруу жана асфальт төшөлүүчү Шарше Кадыракунов көчөсүндө жайгашкан электр мамычаларын тез арада жылдыруу максатында акча каражаттарын кароо боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы Б.А.Ургазиевдин билдирүүсүн угуп, талкуулап Жаргылчак жергиликтүү кеңеши **токтом кылат;**

1. Даркан айылындагы Шарше Кадыракунов көчөсү кеңейтилип, ал көчөдө жайгашкан электр мамычалары Жети-Өгүз электр тармактар ишканасы менен макулдашылып жылдырылсын.
2. Жылдыруу иштерин аткаруу жагы “Жаңы Башат тазалык сервис” муниципалдык ишканасы аркылуу жүргүзүлсүн.
3. Бул иштерге зарыл болгон 631 360 сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилсин.
4. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Жаргылчак жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Акматовго тапшырылсын.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысы Б.А.Ургазиевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **Т.К.Баякунов**

Акматов Н